**Comparative Turkish Dialects and Literatures**
*Karşılaştırmalı Türk Lehçeleri ve Edebiyatları*
**Cilt/** *Volume* **1**, **Sayı** / *Issue* **1**, Mayıs/ *May* **2022**, 165-182

Atıf/Citation: Исаева, С. (2022). Образдуу Ой Жүгүртүүнүн Чебери (С.Эралиевдин, Б. Салгаманинин Мисалында). *Comparative Turkish Dialects and Literatures*. 1 (1). 165-182.

# OBRAZDUU OY JÜGÜRTÜÜNÜN ÇEBERİ (S.ERALİEVDİN, B. SALGAMANİNİN MİSALINDA)

## Master of Imaginative Thinking
## (By the Example of S. Eraliev, Bekturush Salgamani)

**Araştırma Makalesi / Research Article**

(Makale Geliş Tarihi: 05.03.2022 / Kabul Tarihi: 20.05.2022)

**İsaeva SAYRABÜBÜ NURKASIMOVNA** *

**Annotatqiya**

Bul makalada Kırgız el akını, közü tirüü kezinde ele klassik katarı el arasında taanımal bolgon akınıbız S.Eraliev menen egemendüülük mezgilinde çıgarmaçılıgı bışıp cetilip, talanttuu, çeber akın katarı özgöçölönüp taanılgan akındarıbızdın biri Bekturuş Salgamanin poeqziyasındagı obrazduu oy cügürtüüdögü çeksizdigi, alardın akındık çeberçiligindegi özünçölüktörü adabiy analizge alınat.

Bul eki akındın çıgarmaçılık darameti, kırgız poeqziyasında algan ordu eki başka bolso da, ekóönü cakındattırıp turgan nerse ırlarındagı tabiyat menen aykalıştıra cazgan özgöçö sürötkerligi, obrazduu oy cügürtüüsündögü

* Жусуп Баласагын Атындагы Куунун Доценти, Филология Илимдеринин Кандидаты; *Doç. Dr. Cusup Balasagın Kırgız Milli Üniversitesi Filoloji Bölümü; Assoc. Dr. Cusup Balasagın, Kyrgyz National University, Department of Philology,* isaeva.saira@mail.ru, 0000-0002-2638-1687.

özgöçö tabılgaluulugu türdüü münözgö eeq ekendigin eki akından köptögön poeqtikalık tuundularınan açık baykalgandıgı misaldardın negizinde taldanat. Bul eki akın körünüştördün, nerselerdin baarına kayradan canqı tür-tüspöl, canqı ün berip, eç kimge okşobogon ıkmaga sala alışkanın, eki akındın çıgarmalarındagı calpılıktar cana özgöçölüktörü cönündö söz bolot.

Makalanın birinçi bölügündö S.Eraliev lirik cana filosof, aşkere sürötker, obrazduu oy cügürtüünün çeberi ekendigine basım casalıp, «Jerge sıyınuu», «Tanq ataarda», «O, tabiyat» sıyaktuu ırları menen katar tabiyat menen aykalıştıra süröttögön süyüü lirikaları taldandı.

Makalanın ekinçi bölügündö cogoruda aytılganday, azırkı kırgız poeqziyasındagı talattuu akındardın biri B.Salgamaninin «Koşunam maşina alganda», «Eşek», «Kıştak», «Jaz menen turam öbüşüp», «Etyud», «Altın arman» sıyaktuu çıgarmalarının misalında anın realist, filosof cana sürötkerlik çeberçiligin açıp körsöttük.

**Tüyündüü sözdör**: poeqziya, ır, obrazduu, sürötker, tabiyat.

**Öz**

Bu makalede, yaşadığı dönemde bir klasik olarak tanınan Kırgız halk şairi S.Eralıev ile bağımsızlık döneminin en yetenekli ve maharetli şairlerimizden biri Bekturuş Salgamani'nin şiirlerindeki yaratıcı düşünce yeteneği ve onların şairlik ustalığının özgünlükleri edebi yönden incelenmiştir.

Bu iki şairin yaratıcı potansiyelleri Kırgız şiirindeki yeri farklı olsa da onları bir araya getiren, şiirlerinin özgünlüğü, şiirlerinin doğası, eşsiz sanatçılıkları benzersiz hayal gücü düşüncelerine sahip olmaları iki şairimizin birçok şiirlerinde net görüldüğü için örnekler üzerinde tahlil yapılacaktır.

Bu iki şairin ortak noktaları ve özellikleri, her şeye yeni bir görünüm kazandırmayı ve benzersiz bir şekilde ortaya koymayı başardığından bahsetmektedir.

Makalenin ilk bölümü, S.Eraliev'in bir söz yazarı ve filozof, büyük bür sanatçı, yaratıcı düşünce ustası olduğunu vurgulayarak "Cerge sıyınuu", "Tan ataarda", "O tabiyat" gibi eserlerinde doğayla birleştirerek tasvir eden aşk şiirleri tahlil edildi.

Makalenin ikinci bölümünde ise yukarıda da bahsedildiği gibi modern Kırgız şiirinin en yetenekli şairlerinden B.Salgamani'nin "Koşunam maşina alganda", "Eşek'', "Kıştak'', "Caz menen turam öbüşüp ", "Etyud", "Altın arman", gibi eserlerden örneklerde ortaya koyduk.

**Anahtar Kelimeler**: şiir, şarkı, yaratıcı(figüratif), sanatçı, doğa

**Abstract**

In this article, the creative thinking ability and the originality of their poetic mastery in the poems of the Kyrgyz folk poet S. Eraliev, who was known as a classic in his lifetime, and Bekturuş Salgamani, one of our most talented and skillful poets of the independence period, were examined in terms of literature.

Although the creative potentials of these two poets are different in Kyrgyz poetry, the originality of their poems, the nature of their poems, their unique artistry, their unique imagination, which brings them together, are clearly seen in many poems of our two poets.

The common points and features of these two poets refer to the fact that they have succeeded in giving everything a new look and presenting it in a unique way.

The first part of the article is the love poems that describe S. Eraliev as a lyricist and philosopher, a great artist, a master of creative thinking, by combining them with nature in his works such as "Cerge sıyınuu", "Tan Ataarda", "O Nature". analyzed.

In the second part of the article, as mentioned above, one of the most talented poets of modern Kyrgyz poetry, B. Salgamani's "Koşu-nam maşina alganda", "Donkey", "Kıştak", "Jazz menen turam Öbüşüp", "Etyud", "Golden arman" in examples from works such as.

**Key Words**: şiir, şarkı, yaratıcı(figüratif), sanatçı, doğa

## Киришүү

Сүйүнбай Эралиевдин өмүрү, чыгармачылык жолуна назар салып караганыбызда, ал бир күн да ырсыз өмүр сүрбөгөнү, тээ кан күйгөн согуш талаасынан аман сактап, ушул куттуу куракка келишине да, жашоого дем, күч, чексиз кумар берген да анын табият берген таланты, жалындуу, сабырдуу ырлары экени калетсиз.

С.Эралиевдин чыгармачылыгынын башталышы да Улуу Ата Мекендик согуш мезгилине туш келип, башынан өткөн мындай ааламат анын чыгармачылыгына кызыл сызык катары жүрүп, ошондуктан, анын поэзиясы – бийик гуманизмге, патриоттуулукка үндөгөн үлгүлүү, ойчул поэзия. Акындын эң ириде тилегени элинин, журтунун амандыгы, келечегинин кеңдиги. Мында жакшы менен жаманды, ак менен караны эриш-аркак сүрөттөп, чыныгы поэзиянын суусун ичкен акын небак экинчи өмүргө ээ болду. Эгерде поэзия жөнүндө улуу акын Э.Межелайтистин : «Поэзия – это тоска по гармонии. Вечная тоска по добру, правде и красоте. Вот что такое поэзия» (Межелайтис1984: 2) дегенин эске алсак, бул туура айтылган сөздү С.Эралиевдин бүткүл чыгармачылыгына багыштасак туура болот. Кезегинде

атактуу бул эки акын бири-бирин жогору баалашкандары да жөн жеринен эмес окшойт.

С.Эралиев кандай гана темага кайрылбасын, аны жаңы эстетикалык көркөм табылгалар менен байытып, бардыгын конкреттүү, предметтүү, образдуу берүүгө жетишет. Акындын сүрөткерлиги, образдуу ой жүгүртүүсү бул жагынан өзгөчө табылгалуу, көп мүнөздүү экендигин көптөгөн поэтикалык туундулардан ачык байкалат. Ал башкалардай өзүн-өзү чектебейт, поэзия асманында эркин жана бийик учат. Ал ырларында биз билген, биз эчактан бери тааныш, жазылып бүткөн ой-сезимдердин, көрүнүштөрдүн, нерселердин баарына кайрадан жаңы түр-түспөл, жаңы үн берип, эч кимге окшобогон С.Эралиевдик ыкмага салат. Анын поэзиясы ушунусу менен да баалуу. С.Эралиев үчүн эскигрен тема, идея жок. А чынында таланттуу акындар үчүн ошондой болуш керек.

С.Эралиев кандай гана темага кайрылбасын, аны табиятка, турмушка, адамдык жеке тагдырга байланыштырып, анын мазмунуна терең, бирок жөнөкөй маани, ой чөгөрөт, аны окурман бир жактуу чечмелөөгө мүмкүн болбогон деңгээлде кемелине келтире жазат.

Кыргыздын поэзиясынын тирүү классиги, Бакайы аталган акындын чыгармачылыгы бир кичинекей макалага сыйбастыгы, ал тууралуу жүздөгөн макалалар, ондогон китептер (изилдөөлөр) жазылган. Биз бул макалабызда табият лирикалары жөнүндө гана учкай сөз кылсакпы деп турабыз. Акындын чоң акын болушуна да табият таасир эткенин акын минтип эскерет: «Мен кандайча ыр жазып калдым? Бул суроо кээде өзүнөн өзү ойго келе калат, окуучулар да муну көп сурашат. Дароо жооп табуу кыйын. Бир ирет тоодо кетип баратсам, үстү жагымдан аска бирдеме деп кобурагансып калды. Аны азыр эле маңдайын сылап өткөн желаргы жооп бергендей болду. Бери жакта күрүлдөгөн тоо суусу өз оюн айтып, тамашалап жаткансыды. Алардын ошол кобурун тыңшап келатсам, мен жаратылыштын бул сырын башкалар менен бөлүшкүм келди. Бирок, бул үчүн баарынан мурда көркөм сөз табуу керек эле. Биринчи жолу мен ошондо көркөм сөз издедим». Көрсө, акынды акын кылган табият тура. Ошондуктан анын поэзиясында табияттын татынакай картинасы, көрүнүшү сүрөттөлбөгөн, коштолбогон ырлары саналуу гана.

Белгилүү сынчы К.Даутов: «Көрүнүштү ушунчалык бир көзгө илешип – илешпеген майда деталдарынан бери акындын сезим учкундарына урунуп, акыл таразасына түшүп, сырдуу каламынан нур алып, кайрадан жаралган жандуу, кыймылдуу элес!» (К.Даутов 2018:40) болуп тартылат деген оюн «Көк сулуу» поэмасына карата жазса, К.Укаев «Ак Мөөрдүн арманы» деген макаласында:

Мөөр сыны:аппак ыраң, кара көз,

Кырдач мурун, субагай бой-чарчылуу.

Ичке кашы жүрөккө урчу жебедей

Саал ийилип саамай жакка тартылуу –

Бир жазылып, бир азыраак жыйрылат,

Сүйлөп жаткан сөз ыргагы аркылуу. (К.Укаев 2018:8)

Мында анча апыртуу деле жок, ай менен күн да өз ордунда калды. Кеп, кыздын жаркын жүзүнүн өз боёкторуна жан киргизип, ажарына нур берип, анын сулуулуктан бүткөн портретин айнытпай тартып салганында турат» (К.Укаев 2018: 8) деген. Акын чыныгы сүрөткерлик жүзү дал ушул поэмада дагы да таасын көрүнгөн. Мына ушундай образдуулуктун жогорку чегин, акындык сүрөткерлигин кашкайта ачкан көркөм табылгалар поэмаларында гана эмес пейзаждык лирикаларында кадам сайын кездешет.

Кээде жылдыздар тараган,

Кээси деле кетелек.

Айды бирөө далдаадан,

бараткансыйт жетелеп.

Жаңырыктайт араактан,

Дайра шырын камчылап.

Шүүдүрүмдөр дарактан,

Жатты жерге тамчылап.(С.Эралиев 2002: 216)

Акын үчүн пейзаж, табият жөн гана көрүнүш, жөн гана сүрөт эмес, ал – адам менен бирге жашаган, бирге күйүшүп, бирге сүйүнгөн жандуу нерсе. Акындын кээ бир пейзаждык лирикаларындагы сүрөттөөлөр табияттын көркүн, көрүнүшүн сезимталдык менен ачып берсе көп учурда адам психологиясын, анын жан дүйнөсүнүн байлыгын ачып берчү ыкма катары көрүнөт. Жаратылыштын койнунда өз баласы катары төрөлүп, адам катары калыптанган акын табият менен накта адамдай сүйлөшүп, анын сырларын, үнүн, кайгысын уга билет, ага арыз-муңун, кубанычын айтат. Демек, табият – акындын сырын каткан, кайгырса кайгырган, кубанса кубанган жан шериги.

Мисалы, акындын «Жерге сыйынуу» деген ырында табияттын татынакай сүрөтү, Ата-Мекенди сүйүү, сагынуу, жердин ыйыктыгы эриш-аркаксүрөттөлөт. Бул ырда бир караганда жаңы эч нерсе жоктой сезилет. Бирок, эчак жазылып, эшилип бүткөн тема кайрадан жаңы өң алып, жаңы боёкторго каныктырылып, ал сезим-туюмуна жетет, кадимкидей түйшөлтөт. Акындын көрөгөчтүгү окурмандын кан жанына өткөрө жаза алгандыгында.

Ыр жеңил окулуп, сүрөттөлүп жаткан көрүнүш кадимки кино тасмадай көз алдыңа тартыла түшөт.

Чарчап келип көк туланга куладым,
Бир оокумда шыбыш угат кулагым.
«Бул эмне?» деп баш көтөрсөм, а көрсө,
Тоо чуркатып жатат ички булагын.

Шылдыр-шыңгыр агып жатат ал мында:
Чөп түбүндө, оң колтугума алдыда.
Ырдайт, бийлейт, «кыт-кыт» күлөт түгөнгүр,
Чоң сууларды туурап ушул алдыда.

Миң кубулуп мени алагды кылууда…
Угуп жатам, дарманым жок жылууга.
Ал аңгыча төш алдынан сеземин,
Бир нерсени жумшак дагы, жыттуу да.
Бир нерсени жумшак дагы, жыттуу да,
Жыты өмүрдүн суусунундай жутууга.
Көрсө көк чөп ойноп жатат оронуп,
Көөдөнүмө, колум менен бутума.

Ачылган гүл, чөбүң үчүн көгөргөн,
О, ыйык жер, топурагың өбөм мен.
Сыйынамын сенин улуу күчүңө,
Тоолоруңа, алдыңа күн өңөргөн.(С.Эралиев 1991: 37]

Ички сезимдин тереңинен жаралган бул ырда «Тоо чуркатып жатат ичке булагың», «жыты өмүрдүн суусунундай жутууга», «көрсө, көк чөп ойноп жатат оронуп», «көөдөнүмө, колум менен бутума», «тоолоруңа, алдыңа күн өңөргөн» сыяктуу метафора салыштыруудан турган саптар ырдын көркүнө чыгарып, ажарына чыгып, С.Эралиевдин чебер сүрөткерлигинин далили катары чыгат.

Акындын «Жайлоодо», «Жаз», «Сүрөт», «Тоолор окшойт», «Этюд», «Жаз келди», «Суусамыр», «Тоо суусу», «Жаздын келиши» ж.б. көптөгөн ырларында курулай табиятка суктануу гана эмес, анда, аруу сезим туюму менен ой жүгүртүү, табият менен жаштык бар. Акындын терең мазмунда жазылган ырлары жүрөктөн чыгып, жүрөккө жетет. Аларда лиризм күчтүү жана табигый мүнөздө болуп, жүгүргөн кан сыяктуу ар бир сөз өз ордунда турат. С.Эралиевдин сөздү ийине келтире «иштете» алган чебер сүрөткер жана лирик экендигин «О, Табият» деген ыры талашсыз айгинелейт.

Бул ырда бийик фразалар, акылман сөздү обу жок коздоо деле жок. Бирок мында терең лиризм, уюткулуу жана татаал философия бар. Аталган ырда табият жандандырылып берилген. Анын мазмунунда табият эне (шарттуу түрдө), ал эми адам анын баласы. Табият кыш, жай дебей, баласын эркелетип, койнуна алат. Ал адамга аба берет, суу берет, азык берет, нур берет. Бирок өмүр жалган, бардык нерсе убактылуу гана көрүнүш экени, табияттын акыркы мыйзамы өлүм болгондугу менен ыр жыйынтыкталат. Бирок адам акылына сыйбаган, кылымдан кылымга жооп табылбаган нерсе – табият эненин «өз перзентин өзү өлүмгө кыйышы». Муну менен акын адам менен табияттын биримдиги, бири– бирисиз жашай албаган эне-бала жана ошол эле убакта бири-бирине келишпес душман экендигин трагизм катары чебер чечмелейт. Ошентип, С.Эралиев табият жана адам деген эски теманы жаңыртып, анын жаңы кырларын, өңүтүн ачып берет. Ыр көркөмдүүлүгү, лирикалуулугу жана драматуулугу менен сезимди «селт» эттирет.

Ал гана эмес, акын жеке сезимин да, махабатты да табият менен туташ, эриш-аркак сүрөттөп, аны табияттын бир бөлүгү катары берет. Анын сүйүү лирикалары да жүрөктүн түпкүрүнөн чыккан, таза, кол тийгис, табияттай таза, назик жана жашоонун татаалдыгы менен чечмеленет. С.Эралиев акындар тарабынан көп колдонулган «сүйдүм», «күйдүм» деген тапталган сөздөрдү пайдаланбай эле сүйгөнүнө болгон ыйык сезимин, арзуусун окурмандын жан-дилине жеткире, элестүү жана көркөм тартуу кылат.

Ушул жерде сонун гүлдөр өсчү эле,
Жашыл, сары, көгүш, кызгылт түспөлдө.
Карап-карап кандырчубуз көздү эле,
Көркүн аяп, кол баралбай үзгөнгө.

Тигил жакта колот менен анан да,
Шылдыр-шылдыр туура суулар акчу эле.
Ошолордун ортосунда, аралда,

Олтурчу кез сага аябай жакчу эле.

Үлбүрөгөн ак жибектей шоодурап,

Сулуу, сулуу таңдар мында сүрчү эле.

Баары сонун болчу. Анткени жоодурап,

Асылкечим дайым жанда жүрчү эле.(С.Эралиев 1991:55)

Көрүнүп тургандай, арзыганын кайсы куракта, качан, кантип сүйүп, айрылышканын билбесек да, анын асылкечи да табиятты сүйгөн, үлбүрөгөн ак жибектей кыз экени көз алдыга келет. Анткени ал сүйгөнү «гүлдү үзүп бер» деп экиленип эркелебей, аны аяп, шылдыр суулуу өзөндүн аралчасынын ортосунда отурганды жактырган, акын сыяктуу табиятты сүйгөн адам экени подтекст аркылуу берилет. Бирок, эң өкүнүчтүүсү – асыл кечи жанында турган мезгилдей табият азыр сулуу эмес, акын үчүн ошол убак гана сулуу бойдон калган. Анткени, ал кезде акындын сезиминде сүйүү жашап, табият да ошондой кооз, назик, сүйкүмдүү эле.

«С.Эралиевдин лирикасы сырга бай, ойго март, музыкага каных гана эмес, ашкере сүрөттөөчүлүк касиетке ээ. Акын карапайым сөздөр менен да, өтмө маанидеги сөз айкалыштары менен да таамай сүрөттөр тарта билет; көп учурда кыска эле ыр жолдору адамдын бир кызыктуу психологиялык абалын, коомдук турмуштун жана табият стихиясынын мүнөздүү көрүнүштөрүн, кыймыл-аракеттеги кубулуштарын, оңой кармалбас элестерин акылга туюмдуу, сезимге жугумдуу бере алат» (С.Жигитов 2018:147) – деп С.Жигитов ыр дүйнөсүнүн улуу көчүн улап, поэзиянын кадырына жетип, «АкМөөр», «Кызгылт багымдат» ж.б. көптөгөн поэтикалык шедеврлерди жаратса да, мен деп көкүрөк какпаган, адамдык сапаты бийик, ички маданияты терең акылман акындарыбыздын залкарлыгын далилдеген кырлардын бири, «адам жана табият» темасы экендиги талаш туудурбайт.

Жан дүйнөнүн түпкүрүнөн сызылып чыгып, тунук акылдын, терең сезимдин калчоосунан өткөрүлгөн жана ар бир окурмандын ышкысын козгоп, ой-туюмуна жеткен эсепсиз ыр саптарынын автору болду. Бардыгын күч-кубатка эч ким, эч нерсе тең келбеген мезгил сынап, иргеп, калчап, тарых бетине жазып же өчүрүп койгон сыяктуу С.Эралиевдин поэзиясыанын катаал сыноосунан буйдалбай өтүп, бүткүл кыргыз журтунун жүрөгүнөн биротоло түнөк тапкандыгынын өзү менен ошол карыбас-арыбастыктын анык өзү десек аша чапкан болбойбуз.

Кыргыз поэзиясында дал ушундай мыкты салтты улаган Б. Салгамани поэзия дүйнөсүнө 70-жылдардын аягы 80-жылдардын башында келсе да акын катары эгемендүү жылдары таанымал болуп, азыркы кыргыз поэзиясынын

жүгүн көтөргөн белдүү акындардын бири болуп калды. Чынында эле азыркы акын атуулардын көбүнүн дүйнөнү кабылдоо жана аны көркөм чагылтуу жагынан адеп байкала бербеген, бирок окуп баштаганда эле баамга урунган кандайдыр бир өзгөчөлүгү, өзүнчөлүгү бар бул акын тууралуу сөзүмдү дагы бир өзгөчө адабиятчы-сынчы, журналист жана саясий серепчи Эсенбай Нурушевдин таасын жана талашсыз бир баа-ченеминен баштоого туура келип турат. Ал «Өзүнчөлүккө жана өзгөчүлүккө умтулган акын» аттуу макаласында: «Баарыдан мурда Бектурушту синестетик акын десек болот. Нейрофизиологияда синестезия деген түшүнүк бар, ал сырт дүйнөнү кабылдоонун өзгөчө бир ыкмасын билдирет, аны аралаш кабылдоо (смешанное восприятие) дешет. Мындайда ар кандай кубулуш же көрүнүш, буюм, зат кошумча касеттерге ээ болот. С.Эралиев «ак жыттар» деген эпитет колдонгондо жыттын да түсү болот беле деп элдин көбү чалкасынан кеткен. Бул дал ушул синестезиясынын мисалы», - деген пикирин эске алсак, Бектуруш Салгамани да табияттын татынакай сүрөтү, көрүнүшү мененадам жан дүйнөсүн эриш-аркак кемелине келтире сүрөттөө жагынан С.Эралиевдин поэзиясындагы сүрөткерлик, образдуулук сыяктуу мыкты салтты чыгармачылык менен улаткандыгы ачык көрүнөт. (Э.Нурушев 2020: 127) Дүйнөнү башкалардан башкача, өзгөчө кабылдап, башкача түшүнгөн акындар илгертен эле боло келгенин, азыр да бар экенин баарыбыз эле (адабиятчылар) билсек да, аларды синестетик – акын деп эч ким атабаптыр.Э.Нурушев ошентип мындай акындаргаилимий аныктама ыроолоп отурат. Ошентип, сөз Бектуруш Салгамани (Табалдиев) жөнүндө экенин ачыктап, анын чыгармачылык өзгөчөлүгү тууралуу сөздү улантсак, белсемдүү сынчы, журналист жана акын Б.Таштаналиевдин төмөнкүдөй пикирин айтпай кетүү болобой калат. Ал Э.Нурушевдин ой – толгоосун толуктап, кеңейткен, улаган өңдүү төмөндөгүдөй пикирин ортого салат: “Бектуруш Салгамани ырларынын тереңдиги, көркөмдүгү, айтайын деген оюунун масштабдуулугу менен өз муунундагы акындардын топ башында турат. Ал “станок акындарыбыздын” “станогунан” чыккандай уйкаштыктарында кынтык жок, жадатма ырларды жазбайт, дегеле ал кынтыксыз уйкаштыктарды, жадатма ырларды издеп убара болбойт. Анткени, ага жасалмалуулук жана жасалма сулуулуктун кереги жок. Ал кайсы темада жазбасын, башкалар көрбөгөн нерсени “көрөт”, башкалар сезбеген нерсени “сезет”. Кеп, акындын “көрүп” жана “сезгенинен” гана эмес, кеп аны башкалардын жүрөгүнө жеткирип жаза билгендигинде” (Б.Таштаналиев 2019: 3)

Ал эми Кыргыз эл акыны К.Бакировдун акындын чыгармачылыгы жөнүндөгү пикири жогорудагы ойлорду улаган өңдүү: “Ал башка акындар көрө албаган нерсени көрө алат. Ар бир сабына алтын ой камтыйт”[9.5]-деп сүйлөшүп алышгансып, ойлору жанашып, бир жерден чыкса, Б.Салгаманин чыгармачылыгы менен дурус эле тааныштыгы бар адам, адис катары чын эле анын “өзгөчөлүгү” эмнеде деген суроо салып, ага жооп издегенге аракет

кылып көрдүм. Акындын чыгармачылык жолуна назар салганыбызда ал китеп артынан китеп чыгарбаптыр. Аз, бирок саз жазуу аракетинде чакан жана көлөмдүү ырларында эле реалист, сүрөткер, ойчул, жана кыял чабыты кенен акын катары изденүү жолуна түшүп, анын "ысык-суугун" баштан кечиргени талашсыз сыяктанат.

Бектуруш Салмагани чыгармачылыктын келечегин, түйшүгүн туура сезип, тапталган ойлорду кайталап калуу коркунучу чоң экенин билип, тынымсыз изденүүнүн, акындык өнөргө өз жүзүн табуу аракетинин түйшүктүү жолуна түшкөнүн анын "Сууга жазылган ырлар" аттуу жыйнагынан даана көрүнөт. Андай болсо акындын поэзиясынан эмне өзгөчөлүктү табабыз деген суроону койсок, биринчиден - ал көпчүлүк сыяктуу эле реалист акын экенидиги даана көрүнөт. Ал ырларында куру кыялга, ач кыйкырыкка, жалган ойго, кооз сөзгө азгырылбай, адам турмушунун ар дайым боло келген күнүмдүк көйгөйлөрүнөн чоң проблемаларды көрө билип, аларды жан-дилиндеги ой-сезимдерине, учкул кыялына чулгап эмоционалдуу жана көркөм жазат. Ал ойдон чыгарылган, жасалма маселелерди, ынанымсыз кырдаал-мүнөздөрдү ырга салуудан качат. Анын ырларында турмуштун өзүндөй жөнөкөй да, татаал да, ачуу да, таттуу да түркүн жагдайлар, көп кырлуу ой-сезимдер орун алат. Жөнөкөйлүк анын баягы эле ата-журт, эне-бала, ата, заман, сүйүү, табият темаларына кайрылып, аны биз көрүп-билип жүргөн турмуш чындыгы аркылуубергендигине жатса, татаалдыгы ошо жөнөкөй көрүнгөн жашоо - турмуштагы адам баласы өзү түшүнүп, чече албаган, биз байкай албаган нерсени жүрөккө жеткидей кылып бир башкача, өзгөчө сүрөттөй алганында. Ал ырларында курулай акылдуусунуп, насаат айтып, же жалган пафоско жык толгон ыр саптарын чүргөй бербейт. Ал турмуш көрүнүшүнүн кадыресе бир бир көрүнүшүн, бир чындыгын алат да, анда катылган, бир назар сала бербеген "кызык" жактарын таап, аны аны татынакай поэтикалык дүйнөгө айландыра салат. Мисалы акындын "Кошунам машина алганда" деген ырын окуганда акын биз анча капарыбызга албаган, элеске алынбаган сыяктуу турмуш көрүнүшүнүн ары жагында "лирикалык мен" дал өзүнүн башынан өткөргөн, жон териси менен сезген турмуш чындыгын жазат. Мындай турмуштук кырдаал ар бир адамдын башынан да өткөндүктөн, ырды окуп жатканда дал окурман өзүнүн да чындыгын көргөндөй боло түшөт. Мында турмуштагы карама–каршылыктуу жактары менен"түшүнүксүз" адам психологиясы жатат. Адам эмне жасаганынкөп учурларда өзү да байкабай калат, байкаса да эркинен сырткары далай ишти жасайт. Акын мындай адам эркинен сырт, жалган нерселерди кылбагыла деп жарыя салбай туруп эле,майда – барат турмуштук көрүнүштүн мисалында окурманга сабак болоорлук кылып сүрөттөп бере алат.

Ал эми акындын "Эшек" (жанытма) деген ырында, темасы эшекти айтып жатканы менен түбүндө адам баласынын моралдык-нравалык

маселесине кайрылат. Эшектей жашоодо таңдан – кечке чөп, кык, отун, суу ташып жаны тынбайт. Анысы аз келгенсип, бирөө минсе бирөө учкашып алат, жегени шакел. Эшектин көргөн турмушу ушул. Бирок, дың эткен үн жок. Чарчадым деп бир жолу да айтпаган. Ага боору ооругандан баягы жумуштарынан бошотуп бир орун көтөрүп коёт. Ошондо эшек мындайча таанығыс болуп өзгөрөт:

Мурункусун, эшектигин унутуп,

-Мен – Дулдулмун! Тулпармын! – деп жулунуп,

Адырдагы асыл тукум үйүргө

Айгыр болуп ашкысы бар курутуп.

- Айгыр болом! Алар тууйт дейт качырды! –

Асыл тукум байталдарга асылды...

...Эх, байкабай алыптырбыз көптүрүп,

Эми канттик бул нысапсыз капырды?!(Б.Салгамани 2018:52)

Төрт куплеттен турган бул жанытмада акын адам баласынын жан дүйнөсүндөгү, психологиясындагы, турмуштагы татаал мүнөзүн, адамдык табиятын даана көз алдыңа тартат. Ырда атамзаманынан бери келе жаткан адам напсисин эшек аркылуу кыйытып кыска, бирок, ойду так, көркөм берүүгө жетишет. Ырдын ар бир сабында өтмө маанилер камтылган. Баягы оор турмушта жашаган эшекке боору ооруп аны жогору орунга жылдырып койду эле, ал бат эле эшек экенин унутуп, “дулдулмун”, “тулпармын” деп жарыя кыла баштады. Анысы аз келгенсип асыл тукумдуу үйүргө айгыр болууну каалады. Бирок, ал асыл тукум байталдарга айгыр  болсо да андан баары бир асыл тукум ат туулбай, качыр туулат  деген ой менен адам баласына тарбиялык мааниси зор идея сезиминди селт этирип, ошондой “нысапсыз эшектер” өзүн “тулпар” сезип эл тагдырын чечкен мамлекеттик кызматка отуруп алып, өлкөнүн сазга батып отурган азыркы учуру көз алдыңа келе түшөт. Дал ушундай эле мазмунду акын “Жаралуу бөрү” деген ырында башкачараак турмуш көрүнүшү менен дагы даанараак кылып берет. Мында эки ит жолдон жолугат. Анын бирөө жарадар экен. Тытышып кетишип акыры жарадары утулат.

Акындын дал ушундай адам баласынын кыял жоруктары, алардын коомдон алган орду, адамга тийгизген зыяны сыяктуу турмуш көрүнүштөрүн сүрөттөгөн “Бир алдамчы бар”, “Жесир”, “Алтын саат”, “Жашоо”, “Жаралуу бөрү”, “Кербен”, “Картаң дөбөт, жапжаш күчүк” сыяктуу бир топ ырлары жазган.

Акын Б.Салгамани кандай гана темага кайрылбасын, аны жаңы эстетикалык көркөм табылгалар менен байытып, бардыгын конкреттүү, предметтүү, образдуу берүүгө тынымсыз изденгенин көрүүгө болот. Акындын сүрөткерлиги, образдуу ой жүгүртүүсү табылгалуу экенин тана албайсың.

Акындын туулган жер жөнүндө жазылган ырларынан байкалгандай, ал кооз жерде төрөлүп, табиятка ушунча чукул болуп, аны бүт тулкусу менен сүйүп, бүт тулкусу менен сезип жазат. Ошондуктан акындын сүрөткерлигин кашкайта ачкан көркөм табылгалар пейзаждык лирикаларында даана көрүнөт. Акын үчүн пейзаж, табият жөн гана суктанып карап турчу көрүнүш катары гана эмес, ансыз адам баласы жашай ала турбаган жандуу нерсе катары карайт. Дал ушундай адам жан дүйнөсүн, адам тагдырын, адам психологиясын табият менен эриш аркак ачуу жогоруда биз сөз кылган кыргыздын классик акыны С.Эралиевдин поэзиясынан да жыш кездештиребиз.

Мисалы, Б.Салгамани “Кыштак” деген ырында жаратылыштын накта картинасын көз алдыңа тартып келип, аны адам дүйнөсү, жашоосу менен эриш аркак сүрөттөө менен бүтүн бир бүткөн татынакай көркөм дүйнөнү жаратат. Анда “Кыштак ” деген ырынан окуп көрөлү:

Чиркей консо камышы титиреген,
Жылгада агат жылкылар кишинеген.
Жар боорунун, кашаттын жанын койбой,
Жалайт дайра упузун тили менен.
Булайышкан оозунан “көбүктөрү”,
Булуттар ак пакталар өйүздөгү.
Түймөсүндөй жалтырайт генералдын,
Төгүлгөнү турушкан өрүктөрү.

Тыңшап үйдө баласы каткырганын,
Тарап жатат чабендес аттын жалын.
Киндигинен байланган чөп, беделер
Кеткен чыгып үстүнө бастырманын.(Б.Салгамани 2018:8)

Ырдагы сүрөттөлгөн айылдын тынч турмушу картина сыяктуу көз алдыңа тартылат. Биринчи сүрөт чиркей консо титиреген камышы, экинчи, жылгаларда жылкылар кишинеп жай бараткан элеси, үчүнчүдөн

жар боорунуну жанында кашаттын жанын койбой узун тили менен жалап жаткан дайра. Акындын фантазиясынан жаралып, ал табылгалуу татынакай метафоралашкан саптар менен окурмандын сезимин селт этирет да, андан ары табияттын көркүн, көрүнүшүн сезимталдык менен ачып берүү менен дал ошондой татынакай табиятын койнунуда кыткылыктап күлгөн чабендес жана баласынын бактылуу жашоосун сезилет. Жаратылыштын койнунда өз баласы катары төрөлүп, адам катары калыптанган акын табият менен накта адамдай сүйлөшүп, анын сырларын, анын ар кооздугун, шыбыр эткен шыбышын сезгенине таң бересиң. “Ал бир эле көрүнүштөн бир нече сүрөт, картинаны көрөт, жаратат”(Нурушев 2020: 9) деген адабиятчы-сынчы, журналист жана саясий серепчи Э.Нурушевдин туура пикирине биз да толук кошулат элек.

Мисалы; “Жаз менен турам өбүшүп” деген дагы бир ырында:

...Ташка да сиңип таза жыт,

Толукшуйт адыр, талаа бүт.

Көл бойлоп жээкке конууда,

Көк булут- көгүш парашют.

Жондогу бүргөн, мияны,

Жем дейби, чокуйт кулаалы.

Бадамга турат ийилип,

Булуттун тытындылары.

Каакымдар бүчүр жарышып,

Кар качат аскага асылып.

Айнектей “жарк” дейт самолет,

Асмандын бетин чаңыртып.(Б.Салгамани 201: 848)

деп, жогоруда биз сөз кылган ырындагы көркөм табылгаларын дагы кеңейтет. Ырда бир да жасалма сап жок. Анда мыкты зергердин колунан чыккан сөйкөдөй болгон сөз менен тартылган табият картинасы буга чейин кыргыз поэзиясында жолуга элек жаңы көркөм сөз каражаттары менен жаздын көркүнө чыгара сүрөттөйт.

Дал ушундай мыкты сүрөткерлик өзгөчөлүгү анын “Кеч күздүн түнүндө”, “Тосордо”, “Чоку”, “Кыштак”, “Этюд”, “Кыштагы сүрөттөр” сыяктуу бир топ ырларды мисал келтирүүгө болот. Мисалы “Этюд” деген төрт сап ырын окуп көрөлү:

Суйдаӊ булут-үлбүрөк, аппак журкан.

-Калбасын деп чыйрыгып! –аяк сууктан,

Ал жуурканга кара түн ороп койгон

Ай наристе жаӊыдан гана туулган.

Десе, “Кышкы сүрөттөр” ырында:

Сампарлап кар төгүп келип кечинде,

Сары күздү ороп аппак кепинге,

Ийри-буйру сүрөт тартты таӊга кыш,

Ичи жылуу үйдүн айнектерине.(Б.Салгамани 2018:14)

Жогорудагы ырлардагы келтирилген мисалдарда көрүнгөндөй акын тарабынан укмуштуудай көркөм тартылган пейзаждын ар кандай көрүнүштөрү окуур замат окурмандын жүрөгүнө жат боло калат.

Ички сезимдин тереӊинен жаралган бул ырда “Жар боорунан, кашаттын жанын койбой, Жалайт дайра упузун тили менен”, “Сары күздү ороп аппак кепинге”, “Суйдаӊ булут-үлбүрөк, аппак журкан”, “Калбасын деп чыйрыгып! –аяк сууктан”, “Ал жуурканга кара түн ороп койгон”, “Ай наристе жаӊыдан гана туулган” сыяктуу метафора салыштыруудан турган саптар ырдын көркүнө чыгарып, ажарын ачып, Бектуруш Салгаманин чебер сүрөткерлигинин далили катары чыгат.

Акындын поэзиясы жөнүндө сөз кылганда анын сүйүү лирикасынан аттап өтүп кетүүгө болбойт. Мисалга анын сүйүү ырларынан турган “Алтын арман” ырлар циклине токтолсок жетиштүү. Бул ырлар циклинин жаралып калышы жөнүндө Э.Нурушевдин мындай жазганы бар: “Бектуруш мектептин 8-классын бүтүп жатып, түшүндө бир кызды көрөт. Төрт жылдан кийин ал кездеги Фрунзеге окууга келип, аны Университеттен жолуктурат. Ага –Мен сени түшүмдө көрүп сүйүп калгам! – десе, ал шылдыӊдап күлүптүр. Ошол кызга арнап 1000ден ашык ыр жазыптыр. Ал ырлардын баары эле жакшы дебейм, бирок кандай болгон чакта да бир эле кыз – сүйгөнү туралуу ошончо ырды жазыштын өзү эрдик” (Э.Нурушев 2018: 2).Бул пикирге толугу менен кошулса болот. Бул ырлар циклинде сүйгөнүн табият менен эриш аркак сүрөттөө менен сүйүү азабынын аркыл жагын көркөм ачкан ырлары окурманды кайдыгер калтырбайт.

Күн тоолорду аттап барып отуруп,

Көлөкөлөр түнгө айланды чогулуп.

Кара түндү ээрчип келчү коркунуч

калтыратат караңгыда кошулуп.

Караңгыда калды боз үй, чатырлар,
Күүсүн баспа дайра, аскалар, ашуулар,
Беш манжадай чубалжыган аскалар,
Бүктөп койгон таар, кийиздей адырлар.

Иттин мурду сымал нымдуу күзгү түн,
Ичиркентет, муздак, ээн – боз үй бүгүн
Бетин жыртты тунуп турган тынчтыктын,
Бир самолет жарып асман түпкүрүн,
Тоодо түндүн мойну чексиз узарып,
Тынбайт дайра шарына күү уланып.

Койлорду ээрчип келген жетим улактай,
Көңүлүмдө маарайт сендик кусалык.(Б.Салгамани 2018:81)

Жогорудагы мисалдагы ырда көрүнгөндөй, ырды алгач окуганда пейзаждык лирика го деген ойго келесиң. Эмнегедир акын күндүн батып кеч кирип, караңгы түн келе жатканын сүрөттөө менен баштайт. Боз үй, чатыр, адыр, тоолордун баары караңгылыкта калды. Ошол караңгыда баягы жалгыз калган боз үй “лирикалык каарман” да жалгыз экен. Ал жалгыз отуруп алып сүйгөнүн эстеп отурат. Анткени, ал кусадар. Көрсө ырдын башынан берки сүрөттөлүп келе жаткан караңгыдагы жагымсыз, коркунучтуу, сүйкүмсүз жайлоодогу картинанын аягы да сүйкүмсүз экен. Лирикалык каарман “койлорду ээрчип келген жетим улактай, көңүлүмдө маарайт сендик кусалык” деп аяктайт. Эми мындан финалдан сүйгөнү лирикалык каарманды таштап кеткенби, же кайра келеби, же такыр эле жетпей калганбы белгисиз. Бирок аны жалгыздык, кусалык айлана чөйрөнү да дал ошондой көрсөтүп жаткан тура. Көрсө акын пейзаждык сүрөттөөлөрдө жөн гана анын картинасын тартпастан анда адам турмушунун ар көрүнүштөрүн, психологиялык ал-абалын берүүгө да жетишет. Бирок акын кээде жаратылыштын болобу, же бир башка көрүнүштөрдүн сөз менен тартууда ыксыз салыштырууларды, текстке анча керексиз көрүнүштөрдүн бар экенин көрүүгө болот. Андай ашыкча сөз менен ойноо ырдын көркөмдүүлүгүн деле арттырып жибербейт. Жогорудагы биз талдоого алган ырдагы эки куплетте кеч кирип келе жаткан жайлоонун

көрүнүшү жакшы эле көз алдыңа тартылып келет да үчүнчү куплеттеги "иттин мурду сымал нымдуу күзгү түн" деген сабындагы күздү иттин мурдуна салыштырганы анча кошпой калгандай. Керек болсо ырдагы ошол үчүнчү куплетти алып салса да ыр көркөмдүк жактан анча өксүбөйт го деген ойдо калдык.

Ал эми акындын сүйүү темасында жазылган дагы бир ырында табияттын татынакай картинасы менен жетпей калган сүйүүнүн азабы гармониялуу берилет. Ырды талдап айтып отуруудан көрө аны окуган алда канча таасирдүүрөөк. Анда акындын ушул ырын толук окуп көрөлү:

Жер каптап жалбырактар күбүлүүдө,
Желди ээрчип чырпык, чөптөр жүгүнүүдө.
... Сыртта – күз, короодо – күз, көңүлдө – күз.
Саргайган сагынычтай күз – үйүмдө.

Бирөөлөр асманда сүт кайнатканбы? –
булуттар көбүрүшүп каймактанды.
Жыландай ээн талаада жылып жүргөн
Жылтылдайт менчиктеген дайра сайды.
Карайм да жалбырактар күбүлгөнүн,
-Кайрылаар! – деген кайнак үмүттөрүм
Аңдадым жылдап жашыл тартып келип,
а азыр саргайганын, үзүлгөнүн.

Көз жетип келбесиңе, үмүттөрүм
көрдүм мен бариктердей күбүлгөнүн,
Эх, "зыр-р" дейт жылыбаган оң капталым,
Эч качан жылыбасын бүгүн сездим. (Б.Салгамани 2018:81)

Дал ушул ырында акын сүрөткер акын экенин дагы бир жолу көрсөтөт. Ырдын башталышындагы эле эки сапта "Жер каптап жалбырактар күбүлүүдө, желди ээрчип чырпык, чөптөр жүгүнүүдө" кадимкидей табияттын бир күзгү көрүнүшү көз алдыңа тартылат. Көрсө акын мындай саргайган жалбырак түшүп жаткан шамалдуу күздү жөн сүрөттөгөн жок. Анткени, "Саргайган сагынычтай күз – үйүнө" келип турган учуру экен. Акын сүйгөнүн үмүтүн

үзбөй жашыл жайда күтсө дакелбей, качан саргайып, жалбырактар үзүлүп түшө баштаганда үмүтүн үзүп, келбесине көзү жетип отурат.

Акындын сүйүү темасындагы ырларынын дээрлик көбү "Алтын арман" аттуу ырлар топтомуна топтолгон. Акын муну өзү поэма деп атайт. Акындын оюнда бир адамга арналган бир сүйүү тарыхы, ошондуктан муну поэма деп атап койсо болот деген ойдо болсо керек. Бирок, биз муну көбүрөөк ырлар цикли деп атап койсок жанрдык жактан тагыраак болот. Бул чыгарма кандайдыр бир деңгээлде О.Султановдун "Сен жөнүндө поэмасы" чыгармасына окшоп кетет. Анткени Бектуруш Салгаманин "Алтын арман" чыгармасында да акындын ар жылдагы жазылган сүйүү ырлары топтоштурулган. Мындагы тээ бала кезинде түшүнө кирип, кийин аны студент болгондон кийин жолугуп, ошол кызды өмүр бою сүйүп өткөндүгү айтылат. Акындын түбөлүк сүйүүсү болгон ошол кыз жөнүндө окурманга ар кандай жаштагы ар кыл сүйүү элестери тартылат. Чыгармада сүйүүгө мүнөздүү болгон сагынуу, кусалануу, арман, күйүт, жетпей калуу, кызгануу, сүйгөнүнө жетип бакытка балкуу, сүйгөнүнүн ар кыл мүнөздөрүн ачуу сыяктуу толгон-токой көрүнүштөр сезимди козгоп, жан дүйнөгө жан киргизет.

Акындын ырларында дагы бир көрүнгөн нерсе сюжеттүүлүктү ыктуу колдонуу менен татынакай лирикалык ырларды жарата алган. Ал анча чоң эмес көлөмдөгү ырларында кинодогу монтаждоо техникасын колдонуп жазган. Буга акындын "Базардагы шырбаян", "Өз адамга айланды өгөй атам, өз атама айланды өгөй атам", "Кокту, койчу, мен, анан", "Ушакка уукан дастан" сыяктуу бир топ ырларын мисал келтирүүгө болот. Мисалы "Базардагы шырбаян" деген ырында базардагы ар кандай көрүнүштү кино тасмадай эле мантаждап жүрүп отурат.

Биринчи базарга баш бага калсаң буту түбүнөн жок орус колуна глобус көтөрүп сатып жүрөт, анын аянычтуу кебетесине бооруоорумак түгүл жибкире караган кыска юбка кийген кыз "мындан көрө өлүп калбайбы" деп суз тиктеп басып кетет, ар жакта аксияда бир топ чалдар ысык чайдан ичип карсылдап каткырып отурушат. Базардын бир жак четинде "-Шабдаалы" деп кыйкырган жаш бала. Ал бала кыйкырган сайын лирикалык каарман айылын эстеп, сагынычы күчөп турганда, ашаткы жыт Жолдошбек астынан чыгып 100 грамм алып бер деп жанын койбойт, астынан кечээ эле башка киши жетелеп ырдатып жүргөн сокур кыякчан адам чыгат, ага сооп болсун деген лирикалык каарман сомун берипары басса, бири жемпир, бири помидор, бири алма алып жаткан кардарлар. Ары басса лирикалык каарман жанынан качанкы сүйүп, бирок жетпей калган кызын башка бирөө менен колтукташып өтүп баратканын көрүп эси ооп турса, жумурткасын, өрүгүн, балын сатып жанталашат соодагерлердин кыйкырып кайра алаксытат. Ар жакта эки дипломду сандыгына салып коюп семичкесин сатып Анаш отурса, студент кыз менен бала шишкебектин жанынан шилекейин чууртуп өтүп барат. Кымыз ичейин

деп ичкери кирген лирикалык каарман шылдыр суу кошулган кымызды ичип наразы болот. Баары сатылган базардагы быкмырдай кайнаган жашоону сүрөттөө менен акыназыркы замандагы ар кандай адам тагдырларын кыска бир кино картинага батырып бергендей эле элес калтырат.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, Бектуруш Салгамани азыркы кыргыз поэзиясынын белдүү өкүлү катары тынымсыз изденүүнүн үстүндө иштеп жатат. Муну биз тынымсыз басма сөз беттерине, интернет булактарына чыгып жаткан ырларынын негизинде айтып жатабыз.

Ошентип, өзүнчөлүккө ээ бул эки акындын чыгармачылык дараметి, акындык стили ар түрдүү болгону менен, табиятка болгон айтып бүткүс сүйүүсү, чексиз фантазиясы, ашкере сүрөткерлиги жакындатып тураарын жогорудагы талдоолордон көрүндү.

**Koldonulgan Adabiyattar**


Mecelaytis, Eduardas (1984) Çto takoe poeqziya. //İzvestiya, Moskva.

Dautov, Kadırkul (2018) Nukura poeqziyanın talabınan. –Kitepte: Klassikalık izil-döölör, Bişkek.

Ukaev, Kımbatbek (2018) Ak Möördün armanı. –Kitepte: Klassikalık izildöölör, Bişkek.

Eraliev, Süyünbay (2002) Keziktinq küülör eeqsi Poeqziya. Irlar cana poeqmalar, Bişkek.

Eraliev, Süyünbay (1991) Tandalmalar. Irlar cana poeqmalardın eki tomdugu.2-tom, Bişkek.

Jigitov, Süyünbay (2018) Nukura akın. –Kitepte: Klassikalık izildöölör, Bişkek.

Nuruşev, Esenbay (2020) Özünçölükkö cana özgöçölükkö umtulgan akın. // Ala – Too, Bişkek.

Taştanaliev, Bolotbek (2019) Bekturuş Salgamani: “Suuga cazılgan ırı” //Kırgız Tuusu, Bişkek.

Bakirov, Karbalas (2018) “Suuga cazılgan ır” (ce Bekturuş Salgamaninin çıgarma-çılıgı tuuraluu)// Nookat tanqı, Oş.

Bekturuş Salgamani (2018) Suuga cazılgan ır, Bişkek.

Nuruşev, Esentur (2018) “Bekturuş – sineqstetik akın” //Nookat tanq, Oş.